# КЫРГЫЗСТАНДЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

**СЫДЫКБАЕВ Ч.М.**
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

*Коопсуздук системасы: түшүнүгү, түрлөрү*

Кайсы өлкөдө болбосун мамлекеттүүлүктүн ажырагыс бир бөлүгү, экономика, социалдык тармак сыяктуу приоритеттүү деп аталган тармактардан да өзгөчө мааниге түшүнүк Улуттук Коопсуздук маселеси. Ааламдашуунун шартында жана маалымат алмашуу анчалык кыйынга турбай калган өзгөчө азыркы учурда бул маселе мамлекеттер(мейли ал экономикалык, аскердик жактан кубаттуу болсо да) үчүн талылуу маселеге айланган кез.

Улуттук Коопсуздук системасы түпкүлүгүндө саясий илимдин изилдөө объектиси жана маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Ага ылайык бул түшүнүккө саясий илимде төмөндөгүдөй аныктама берилет: Улуттук Коопсуздук – бул душмандык аракеттердин же жөн гана окуялардын жүрүшүндө мамлекеттин негизги баалуулуктарына терс таасирин тийгизе турган абалда коопсуздукту сактоо .

Арийне бул аныктама менен анын көп кырдуу табиятына толук мүнөздөмө берүү мүмкүн эмес. Же болбосо коопсуздук коркунучу ар дайым бар, өзгөчө азыркы шартта коопсуздукту камсыз кылуунун деңгээли өзүнүн эң жогорку чегине жете албайт. Демек Улуттук Коопсуздук бул жөн гана түшүнүк эмес, азыркы учурдун раелдуу жана потенциалдуу чакырыктарына субъектилердин туруктуулук көргөзө алышы жана ошондой эле бул багыттагы зарылчылыктарды, маалыматтарды кайра-кайра текшерүү, аныктоо, тең салмактоо жана талдоо.

Традициялуу Улуттук Коопсуздук алгач тышкы күчтөрдүн куралдуукол салуусунан сактануу абалы катары каралса, мындай түшүнүк кийинчерээк өтө эле чектелүү экендиги ачыкка чыгып, системанын алдында жаңыча ар-тараптуу ыкчам аракет көрүү максаттарын койгон.

Саясат изилдөөчү окумуштуулар Улуттук Коопсуздук түшүнүгүнө комплекстүү мамиле кылуу менен анын бир нече багыттарын аскердик, саясий, экономикалык,

экологиялык-техногендик, рухий, криминалдык, демографиялык, маалыматтык, азык-түлүктүк, социалдык жана жеке инсандык деп бөлүп көргөзүшкөн.

Эгер булардын ар-бирине токтолуп, кыскача мүнөздөмө берип, жогорудагы коопсуздуктун түрлөрүнүн кайсынысы боюнча коопсузбуз, кайсыларына келгенде алсызбыз талдап көрсөк улуттук коопсуздугубуздун башкалардыкына салыштырмалуу шалапайлыгын айгине болот же көңүл өйүткөн пессимиздик маанайды жаратат б.а. көңүл жубатарлык эмес.

Аскердик Коопсуздук – бул мамлекеттердин ортосундагы басып алуучулук жана коргонуу күчүнүн жана коркунучтарды аскердик аракет менен кабыл алуунун өз-ара көз карандылыгынын абалы. Армиябыздын саны чектелүү, сапаты күмөн туудурат, бул тармакка 2005-жылы генерал И.Исаков келгени биттеп, командирлердин үй жана чарба жумуштарында, талаачылыгында кулга айланып калган кыргыз армиясы бир баш көтөрүп сергип алды эле ал кеткенден кийинки абал анчалык жакшы эмес. Кошуналарга сырткы душмандарга эле ыйман берип кудайдын көзү түз болбосо сырттан кол салуу болсо кыргыз армиясынын мүмкүнчүлүгү чектелүү экенин аскер адистери, эксперттери өздөрү моюнга алып жүрүшөт (ошол эле коопсуздук максатында аскердик коопсуздуктун абалын ачык талкуулоо мүмкүн эмес).

Саясий коопсуздук – бул мамлекеттик жана өкмөттүк институттардын легитимдүүлүгү жана өлкөдөгү стабилдүүлүк менен бааланат. 5жылда эки жолу бийлик революциялык жол менен алмашканын жана ошол учурларда мамлекеттүүлүгүбүздүн түркүгү кычырап барып, кыйрап калбай аз-аз жерден оңолгонун эске алсак мамлекеттик

бийликтин легитимдүүлүгү жана коомдогу стабилдүүлүк б.а. саясий коопсуздугубуздун бекемдиги жөнүндө сөз кылуу азырынча эртелик кылат.

Экономикалык коопсуздук – бул ресурстарга жана финансы булактарына ээлик кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен инсандын жеке жашоосун бакубатчылыкка жеткирүү жана ал аркылуу коомдун стабилдүүлүгүн камсыз кылуу. Тилекке каршы бул нерсе да кыргыз коому үчүн дээрлик 20жылдан бери «көздөн учкан көк жээк» болуп келет. Себеби биздин өлкөдө экономикалык эркиндик болгон менен экономикалык акыйкаттык жана экономикалык өнүгүү жок. Мамлекет бул багытта натыйжалуу, ырааттуу координация, реформа жасай албай келет.

Экологиялык-техногендик коопсуздук - жергиликтүү о.э глобалдык биосфераны, жаратылыш системаларын коргоо жана алардын бүтүндүгүн, турмуштук функцияларын коомдун туруктуу өнүгүшү үчүн колдонуу менен жашоонун сапатын, калктын ден-соолугун жана демографиялык абалды жакшыртуу. Союздан мураска калган Майлысуу, Мин-Куш, Каджысай сыяктуу уулуу заттардын ири химиялык калдыктары көмүлгөн, жакында дагы бир катар кендерди иштетүү (экологиялык коопсуздук жагын дыкат изилдеп чыкпай изилденсе да көз жумду мамиле кылынып) пландалып жаткан өлкөдө экологиялык коопсуздук жөнүндө кеп кылуу жөн гана баёолук. Кудай анын бетин ары кылсын табигый же башка кырсыктар болуп кетип алар ачылып кетсе Кыргызстан эле эмес бүт Фергана өрөөнүн жашоого жараксыз абалга алып келчү факторлор бар.

90-жылдардын аягында 2000-жылдардын башында А. Акаев кызматтан кызматкка көтөрүп бөпөлөгөн Бишкек мэри, 1-вице кызматтарын аркалаган, “Кыргызстандан кууса да кетпейм” деп жүргөн Б.Силаев биздеги бир облустун бийик тоолуу аймагына 84 бочка уулу заттардын калдыктарын көмүү боюнча чет элдиктер менен чоң суммага түзгөн жашыруун келишими ачыкка чыгып калып Оруссияга шуу койгон жайы бар.. Мындай кылыгы үчүн аны кыргыз эли ташбараңга алса да жарашмак. Баса 2011-жылдын башында эле Кумтөр кенин, ал жактагы чыныгы абалды изилдеп келген өкмөткө да, парламентке да тиешеси жок патриот атуулдар, кыймылдар тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыгы Кумтөр боюнча төбө чачты тик тургузган маалыматтарды таратышты. Ага ылайык Кумтөр кенинин Нарын облусу тарабындагы түбөлүк муздун сезилээрлик бөлүгү эрип кендин хвостохронилищасы эртеби кечпи Нарын суусуна куюлуп түшө турган абал жаралган. Ал эми анын кесепети Борбордук Азияга болуп көрбөгөндөй экологиялык кырсыкты алып келээрин, демек Кыргызстан үчүн андан да 10 эсе коркунучтуу болоору айтпаса да түшүнүктүү. Япониядагы зилзаладан кийин Фукуцима АЭСдеги жарылуунун кесепети менен күрөшүүдө жапон өкмөтү алсыздык кылганын эске алсак, экологиялык кооптуу кырдаал түзүлсө Кыргызстан кандай абалда калаарын элестетүү коркунучтуу.

Бул багытта азыр деле абал көңүл жубатарлык эмес.

Рухий коопсуздук – аркандай диний-экстремистик агымдардын, идеологиялардын, кыймылдардын жана тынчтыкты сүйгөн диндерге салыштырмалуу ультра фундаменталдык топтордун коркунучунан жеке адамдардын жашоосун эле эмес, мамлекеттик түзүлүштү да коргоо. Ансыз да көйгөйлөрү башынан ашкан, күч түзүмдөрү алсыз, коррупцияланган, тартипкоргоо органдары сатылма, адам укугуна жамынган Ал-Каида, Хизбут-Тахрир, Иогова күбөлөрү, кришнаидер, сатанистер ж.б. секталар ээн эркин иш жүргүзгөн Кыргызстан үчүн коопсуздуктун бул түрү өзгөчө талылуу маселелерден.

Бул жерден баса белгилей кетүүчү дагы бир жагдай, азыр граждандар арасында китепкана, башка маданий жайларга баруу сыяктуу көрүнүштөр өтө сейректеп баратканы жүргүзүлгөн социологдордун изилдөө, сурамжылоолорунда көргөзүлгөн. Рухий таяныч болуп, калктын калың катмары үчүн маяк болчу улуттук идеологиябыздын жоктугу да буга кошул ташыл.

Криминалдык коопсуздук – уюмдашкан кылмыштуу топтордун жана жарым жартылай криминалдашкан демек мамлекеттик органдар менен жалгашкан, саясий-экономикалык элитанын таасирдүү өкүлдөрү аралашкан абал. Кыргызстанда Криминалдык коопсуздукту камсыз кылуу жыл өткөн сайын кыйындап баратат. Анын

үстүнө биздин өлкөдө криминалдык элементтер байма бай ачыкка чыгып, өз талаптарын саясат менен байланыштырып өкмөттүк органдарга жана коомго таңуулаган учурлар көп кездешүүдө. Жыл башынан бери криминалга каршы жарыяланган согуш реалдуулу натыйжага жетип жатканын байкоо кыйын. Балким учурда таза түрдөгү криминал кандайдыр бир деңгээлде ооздукталганай болду, бирок мамлекеттик чиновниктер менен жалгашкан жарым жартылай экономикалык, саясий криминал күч алып жатат. Албетте мында мамлекеттик органдардагы коррупциянын салымы чоң.

Демографиялык коопсуздук – бул төрөлүүнүн кескин төмөндөшү, улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы, улуу муундун пайдасына оогон теңсиздик (дисбаланс). Бүгүнкү күндө биздин өлкөнүн демографиялыккоопсуздугуна төрөлүүнүн төмөндөшү эле эмес ички жана тышкы миграцинын негизиндеги калктын жумушка жарамдуу, «болуп толуп турган курактагы бөлүгүнүн» чет өлкөлөрдөн массалык түрдө бакыт издеп кетүүсү кошул ташыл болууда. Эң эле кооптуусу социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгы көргөзгөндөй алардын дээрлик көпчүлүгү мүмкүн болсо эле ошол өлкөлөрдүн граждандыгын алып калып калууну көздөшкөндөрүндө. Калкыбыздын саны 5млндон кичине көбүрөөк болгон менен эмгекке жарамдуулардын саны 2,5млндон ашпайт. Ошол эле убакта 600 миңдей эмгекке жарамдуу жаштар четте жүрүшөт. Күн санап кетип жаткандары, бүгүн эртең кетебиз деп камынып жаткандары миңдеп саналат.

Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция комитетинин мурдагы жетекчиси А.Рыскулованын пикиринде “Кыргызстанда 10 же 15 жылдан кийин демографиялык чоң проблема жаралышы мүмкүн. Албетте мындай пикирден кийин коопсуздуктун бул багыты боюнча кошумча бир нерсе деш кыйын.

Энергетикалык коопсуздук – өлкөдө энергоресурстардын болушу же мамлекеттин тыштан алынуучу энергоресуртарга көз карандылыгынын деңгээли. Тилекке каршы биздин жалгыз артыкчылыгыбыз, Борбор Азия аймагындагы көзүрүбүз болгон бул тармакты ийгиликтүү, натыйжалуу колдоно албай келебиз.

Маалыматтык коопсуздук – өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарынын маалымат айдыңыда корголушунун деңгээли. Бул процесс ар кандай PR акцияларды уюштуруу менен дүйнөлүк коомчулукка жана өлкө ичинде мамлекеттин оң имиджин калыптандыруу аркылуу ишке ашырылат. Эркин маалымат каражаттары башкаларга салыштырмалуу жетиштүү, оперативдүү аракеттенет деп төш какканыбыз менен түштүктөгү июнь окуяларында биздин маалымат каражаттарыбыз чет өлкөлүк ММКларга уттурду.

Деги эле глобализациянын, маалымат кылымынын шарттарында өлкөнүн массалык маалымат каражаттары өзгөчөлөнгөн керек учурда тышкы дүйнөдөн кандайдыр бир деңгээлде изоляцияланган режимге өтүүчү маалымат саясатын иштеп чыгуу зарылчылыгы бышып жетилди. Балким улуттук кызыкчылыктарга каршы кооптуу абалдар түзүлгөндө демократиянын баалуулуктарын, принциптерин экинчи үчүнчү планга жылдыра туруу керек болуп жүрбөсүн, мындай ыкмалар өнүккөн демократиялуу мамлекеттерде да практикаланып жүрөт. Болбосо Эл аралык уюмдар, чет элдик фонддор тарабынан каржыланган маалымат каражаттары үчүн Кыргыз мамлекеттинин улуттук кызыкчылыгы маанилүү эмес.

Социалдык коопсуздук – Улуттун тилдик, маданий, диний чөйрөлөрдө улуттук өзгөчөлүктү сактоо жөндөмдүүлүгү жана ага ылайыктуу прогресске жеткирүүчү социалдык мейкиндиктин камсыздалышы. Батышта «Социалдык коопсуздук» түшүнүгүнүн пайда болушу калкты социалдык-турмуштук тобокелчиликтерден калкалоочу шарттын мамлекет тарабынан кепилдениши менен түшүндүрүлөт.

Өткөөл мезгилдеги биздей өлкөлөрдүн бир кемчилиги да дал ушул социалдык тармакка артыкчылык берип ички дүң продуктунун маанилүү бөлүгүн бул тармактын пайдасына көбүрөөк оодарып, социалдык өнүгүүнү оң жолго сала албагандыгында.

Азык түлүк коопсуздугу – мамлекетте өзгөчө кырдаалдарда же жай турмушта деле кескин түрдө азык-түлүк каатчылыгына кептелүү же кептелбөө мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли. Биз агрардык өлкө болгонубуз менен мындан бир топ жыл мурун эле

либерализмдин , жапайы базар экономикасынын эйфориясына берилип кетип өкмөттүн баа саясатын көзөмөлдөө, деги эле рынокко таасир этүү, жөнгө салуу функциясын алсыратып алганбыз. Бул албетте азык-түлүк тармагына да тиешелүү, бекеринен антимонополдук комитет деп аталган мекеме ундун ж.б. күндө керектелүүчү товарлардын баасын түшүрө албай алдастап жаткан жок…

Инсандын жеке коопсуздугу – инсандын жеке турмуштук кызыкчылыктарынын мамлекет тарабынан сакталышы, адамдын укуктарынын, эркиндиктеринин камсыз болушу социалдык коргоонун жана коопсуздукту камсыз кылынышынын кепилдениши. Коопсуздуктун бул түрү анын жогорудагы башка түрлөрүнүн камсыздалышы менен тыгыз байланышта. Коопсуздуктун башкаларын камсыз кылбай туруп, жеке инсандын коопсуздугу жөнүндө кеп кылуу мүмкүн эмес. Учурда бул биз үчүн мүнөздүү көрүнүш.

Өткөн 20 жыл аралыгында өлкөнүн коопсуздугуна жооптуу болгон башкы орган УКК жаатында эмне болду? Экс президент А.Акаев аталган кызмат жетекчилигине Ф.Кулов, Б.Жанузаков сыяктуу ж.б чыныгы адис эмес милиционерлерди коюп алсыратса, алар өз кезегинде УККнын сезилээрлик бөлүгүн «милициялаштырган». Кийинки өлкө жетекчилиги андан ашып түшүп зөөкүр чалыш дагы бир милиция генералын ал органдын башына койду эле ал өзүнүн ким экенин 7-апрелде көргөздү.

Кийинки президенттин нысапсыз эрке уулу болсо (Улут коопсуздугун эмес) атасынын жана өзүнүн бийлигин бекемдеш үчүн УККга эң күчтүү заманбап аппаратураларды алып келип саясий оппоненттердин «Сары изине чөп салгысы келди эле», тыйылбаган напсисинин, нысапсыздыгынын айынан «Сагызган сактыгынан өлбөй суктугунан өлөт» болду. Азыр деле ошол “суперзаманбап” техникалар бүт атка минерлерди тыңшоого корлдонулуп жатыптыр

Ушунун баары бизге жана өлкө жетекчимлигине сабак болушу керек.

Демек УКК терең, кординалдуу реформаларга муктаж о.э бул тармактта улутчулдук духтун (албетте чеги менен) болушу өзгөчө маанилүү факторлордон экенин турмуш чындыгы далилдеп келет.…

Ага биздин бийликтин эрки жетеби бул чоң суроо. Себеби биз эгемен өлкө болсок да 20 жылдан бери кимдир бирөөлөрдүн көзүн карап улут коопсуздугубузду бекемдөө аларды басмырлоо катары кабыл алынып калчудай кылчактап жүрүп ушул абалга кептелдик.

Азыркы ааламдашуунун, дуйнөлүк процесстердин чакырыктары керек болсо коопсуздук кызматтары дүйнөдө эң күчтүү деп эсептелген Америка, Россия, Турция, Израил сыяктуу өлкөлөрдүн атайын кызматтарынын шаштысын кетирип бул сиситеманын ыкчамдык менен модернизациялап, илимий-аналитикалык жактан камсыз кылып туруунун зарылчылыгын жаратууда.

Тээ Союз убагында СССР КГБсы дүйнөдөгү эң күчтүү түзүм катары саналып «канжарчан кара плащ» деген ат менен тергелчү. Бул органдын Кыргызстандагы бөлүгү өлкө эгемендүүлүгүнө ээ болгондон баштап өз кызматын жамандыр жакшыдыр өтөп келет.

Бирок кандай бийлик болбосун анын ишенимдүү бир адамына досуна, же бир тууганына тез эле жетеленип, өзүнүн түпкүлүктүү функциясын экинчи үчүнчү пландарга калтырып тигил же бул режимдин жан-жөкөрүнө, айрым учурда баш кесерине айланып келген алгач комитет, кийин министрлик анан кызмат, ал эми учурда кайрадан комитет деген макамдарга ээ болуп келген жана эконмикалык кылмыштарга аарыдай жабыша калып жан баккан биздин «атайын кызмат» мамлекет, улут коопсуздугу үчүн «каруусун казык кылып», «чычканга кебек алдырбай» иштеп жатканына күмөнүм бар. Андан калса биздеги аталган кызмат улут коопсуздугун камсыз кылганды кой ошол өзүанын камчысына айланган режимдин коопсуздугун тыңгылыктуу коргоп бере албай шермендеси чыккан учурлар арбын. Мисалы 2005-жылы 24-март күнү андагы УКК башчысы Акүй астында көпчүлүктүн курчоосунда калып мадыра баш балдардан көчүккө жеп, жаш балдар аны жамбашка тепкен сайын алды артын жал-жал карап секирип качып

коомчулук алдында шерменде болгон жайы бар. Мындай кордукту «публично» көргөн генерал намысы болсо атынып өлмөк…

Кийинчерээк К.Бакиев ишенип табыштаган кийинки УКК башчысы «Реформа үчүн кыймылынын» ноябрь митингисинде коопсуздугун өзү камсыз кыла турган улуттун өкүлдөрүнө баш бармагын көргөзүп колун чыканагына чейин сороктоткон. Ал эми 7-апрелде болсо улуттук коопсуздук кызматы ошол улуттун тайманбас, жалындуу уулдарына кеч бешимге чейин ок жаадырып туруп жок болгонун кандай түшүнсөк болот.

Мына ушундай көрүнүштөрдөн, жетекчилеринин тигиндей деңгээлинен кийин сыртынан сүрдүү көрүнгөн биздин УКНын ичинде апрелден кийин структуралык, функционалдык деги эле маңызы, табияты боюнча реформа болуп жатканынан күмөн санайсың. Өзгөчө Мегеком компаниясынын, 1-вице Ө.Бабановдун тегерегиндеги жана башкы прокурордун чуулгандуу отставкасына байланышкан окуялардан кийин биздин атайын кызмат көнгөн адатынан арыла албай жатканына күбө болдук.

2010-жылдагы июн айындагы түштүктөгү кандуу окуялар май айынын башында эле учкундана баштаганын УКК анын алдын ала албаганын эске алганда азаптуу (многострадальный) кыргыздын атайын кызматынын чама-чаркы чакталуу экени өзүнөн өзү белгилүү. Же аларды Бишкектин этегине келип Берген Урмат Барктабасовду байлап келген «эрдигине» карап баа беребизби? Бекеринен сөөгүнөн бери чекист К.Байболов бул органдын кызматкерлерине өткөн жылы да, быйыл 1-апрелдеги ЖКнын сессиясында да ачык доомат койгон жок. Анын мурдагы дооматына атайын кызматтын пресс катчысы жооп берген болду бирок эч кандай негиздеме жок.

Убагында дүйнөдө эң күчтүү деп саналаган СССР КГБсынын мектебинен өткөн жана анын ардак тактасында турган “сөөгүнөн бери”кгбшниктер К.Байболов, М.Ниязов, О.Модалиев, К.Кожоналиев сыяктуу чыныгы профессионалдардын бирөөсү бул мекемени жетектесе ал жактагы абал такыр башкача болмок беле деген ой кетет. Тилекке каршы андай профессионалдарды дайындоого өлкөнүн мурдагы эки жетекчилиги, азыркысы да даай албай келет.

Кыскасы «боло берет турмушта особенно кыргызда» деген афоризм аты улук супарасы курук бул органга да тиешелүү.

Демек биздин УКК бүгүнкү замандын талаптарына, атына заты такыр жооп бербейт.

Улут коопсуздугу биздин саясатчыларды анчалык кызыктырбасын ушундан билсек болот аттуу-баштуу лидерлер шайлоого чейин ат тезегин кургатпай Оруссияга арманын айтып бара беришкени аз келгенсип, шайлоодон кийин да «эми биз кантели кандай кадамдарга баралы сиздердин бир ооз сөзүңүз» дегендей шуу койушкан.

Албетте алар Кыргызстандагы ансыз да белгилүү саясий-социалдык абалдын көрүнөө да, көмүскө да жактарын жаая салып келишти.

Бүгүн өлкөнүн коопсуздугуна болуп көрбөгөндөй коркунуч туулуп турган кез. Азыр биздин саясий, экономикалык, диний, экологиялык, керек болсо азык түлүк коопсуздугубуз да бекем эмес. Өкүнүчтүүсү бир дагыжетекчилик: (академиги да, өндүрүшчүсү да, дипломаты да) бул тармакты түп-тамырынан кординалдуу реформалооого аракет кылбай келгендигинде. Эмне ага интенллектиси жогору А.Акаевдин, атасы, уулу ошол тармакта иштеген өндүрүшчү Бакиевдин, дипломат Отунбаеванын түшүнүгү жетпей калмак беле…? Эң сонун жетмек тек гана буларда патриоттук сезим, саясий эрк анан улутчулдук, мекенчилдик жок же өтө төмөнкү деңгээлде болууда.. .

Кыргыздын соңку жетекчилеринде кыргыздын Манасы Ататурку, Путини катары тарыхта калуу каалоосу жок.

Бул органда азыр чыныгы чекисттер дээрлик калган жок дешет УКНын кухниясын жакшы билгендер… Демек бизде кадрдык таңсыктык да жогорку денгээлде.

Союздук мектепте даярдалган кадрлар жыл өткөн сайын сейректеп барат. Эми бул багыттагы кадрларды чет өлкөдө даярдоонун да кооптуу жагы бар. Себеби биздин өлкөнүн, элдин улуттук өзгөчөлүгү, менталитети духу башкача, бул багыттагы кадрлар

жогорку билимдүүлөрдүн арасынан өзгөчө дыкатттык менен тандалып алынып, жарым жартылай жабык "улуттук мектепте" даярдалышы өтө маанилүү. Андай жарым жартылай жабык окуу жайын калыптандырууга бизде политология, юридика, социология боюнча коопсуздук багытында илимий даражалары бар адистер жетиштүү. Эң негизгиси ал окуу жай саны бар сапаты жок ЖОЖдордун катарын толуктап калбай өзгөчөлөнгөн шартта иштеген жана Улуттук Коопсуздукту чындоо багытында иш алып барган илимий-аналитикалык борбору менен түзүлүшү керек.

Болбосо ааламдашуунун, тынч экспанциянын шартында азыртадан эле амбициялары ачыкка чыга баштаган ири империялардын араанына кептелип калыш бир паста. Жакында АКШнын Борбордук Чалгын Кызматы сенаттка жолдогон отчетунда: "АКШ үчүн учурда эки чоң кооптуу душман бар биринчиси Кытай, экинчиси Оруссия" деп ачык белгиленди. Бул эки өлкө океандын ары жагындагы АКШ үчүн коркунуч туудуруп жатса, биз Кытайдын араанынын астында жаткан, Оруссиянын астында өзүн "младший брат" сезген кулчулук психологиядан арылбай келген жана субъективдүү жана объективдүү себептерден улам орустардын айтканын кылууга аргасыз болуп олтурган Кыргызстан үчүн канчалык кооптуу экенин эске албай жаткандайбыз.

Демек жамбаштап жатып алуу Кыргызстан үчүн кечиримсиз.Он, жыйырма жылдан кийин убакыттын өтүшү, табигый ресурстардын азайышы менен өлкөлөр экспанциялык аракеттерин ачыкка чыгара баштоосу мүмкүн. Анда кеч болуп, ал учурда профессионал кадрлар да жок калат.

Бекеринен өткөн жылдары абройлуу эл аралык уюмдардын бири Кыргызстанды 20, 30 жылда жок болуп кетчү өлкөлөрдүн катарына кошкон жок. Алар биздин мамлекеттин мурдагы кийинки жетекчиликтеринин дараметин, жыйырма жылдан бери калыптанган "баарын акчага сатып алса, сатса болот" деген түшүнүктүн улуттун аң-сезимине кыттай куюлганын, саясий элитанын жеке кызыкчылыктары үчүн баарына кайыл экенин жана башка дагы бир катар факторлорду эске алып изилдеп-анализдеп туруп кошушту.

Ал эми ал тизме саналуу гана адамдардын тынчын алды…

**Адабияттар:**


1. Суюнбаев М.Н. Геополитические основы развития и безопасности Кыргызстана Бишкек 2005г.
2. Проблемы национальной безопасности Кыргызстана Бишкек-2006г
3. И.А. Абдуразаков Внешная политика как фактор обеспечения безопасности //статья//2006г Вестник БГУ №6.

Садиев К.С. Военная безопасность Бишкек 2009г Сборник научной конференции МОКР.

4. Сыдыкбаев Ч.М. "Саясий илимдин негиздери" Бишкек-2011.